2022-жылдын 1-сентябрындагы
№1 педкеңештин чечими менен
кабыл алынды

БЕКИТЕМИН
Шарыпбек Абдылдаев атындагы
орто мектебинин директору:
_______________ Т. У. Исаев
1.09.2022-жыл

# Шарыпбек Абдылдаев атындагы орто мектебинде иштеген мугалимдеринин МКТны колдонуусун аныктоо боюнча жобо

МКТ ишке киргизүү максатында мектепте тиешелүү шарттар түзүлгөн. Бул жободо мугалимдердин МКТны колдонуу жөндөмдөрү аныкталып, деңгээлдерге бөлүнөт.

**Жогорку деңгээлдеги мугалимдер төмөнкү компетенттүүлүктөргө ээ болушат:**

- ачык билим булактарын эркин колдонот;
- МКТны сабакта презентация жана демонстрациялоо үчүн пайдаланат;
- көрсөтмө куралдарын МКТнын жардамы менен жасайт;
- онлайн түрүндөгү окутууда аралыктан окутууга багытталган сервистерди эркин колдонот;
- Компьютердик жабдуулар менен эркин иштей алат;
- интерактивдүү досканы колдоно алат;
- Күндөлүк тиркемесиндеги мүмкүнчүлүктөрдү кенен колдонот.
- ҮКӨдө МКТны колдонот.
- МКТ боюнча техникалык каталарды аныктап, оңдой алат.
- Өзүнүн сабактарынын иштелмелерин интернетке жайгаштырып, видео-сабактарды жарыялайт.

**Орто деңгээлдеги мугалимдер төмөнкү компетенттүүлүктөргө ээ болушат:**

- Интернеттеги ачык билим булактаран керектүү маалыматтарды алат;
- сабакка окуучулар үчүн презентацияларды даярдайт;
- онлайн түрүндөгү окутууда аралыктан окутууга багытталган кээ бир сервистерди колдонот;
- Күндөлүк тиркемесиндеги мүмкүнчүлүктөр тууралуу билет;
- План-конспектисин тексттик редактордо жаза алат.

**Төмөнкү деңгээлдеги мугалимдер төмөнкү компетенттүүлүктөргө ээ болушат:**

- Күндөлүк тиркемесин колдонот, бирок кээ бир мүмкүнчүлүктөрүн билбейт.
- МКТны колдонууда бирөөнүн жардамына муктаж.
- МКТнын кээ бир мүмкүнчүлүктөрү тууралуу түшүнүккө ээ эмес.